-бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча эсептелген эскирүү суммасы;

-жүргүзүлгөн капиталдык оңдоолордун саны жана ал чыгымдардын суммасы;

-ошондой эле негизги каражаттарды эсептен чыгаруу себептери, негизги бөлүктөрүнүн, деталдарынын, түйүндөрүнүн, түзүлүш элементтеринин абалы толугу менен жазылат.

2.8 Колдонуудагы объекттерди жаңы курууга, кеңейтүүгө, реконструкциялоого жана техникалык кайра жабдууга байланыштуу жабдуу эсептен чыгарылган учурларда комиссия Нурманбет айыл өкмөтү тарабынан бекитилген колдонуудагы объекттерди кеңейтүү, реконструкциялоо жана техникалык кайра жабдуу планында каралган эсептен чыгарууга берилген жабдууга шайкештигин текшерүүгө жана актта аларды эсептен чыгарууга пунктка жана план бекитилген датага шилтеме берүүгө тийиш.

2.9 Эсептен чыгаруу актыларында негизги каражаттардын объекттерин мүнөздөөчү төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт: объект жасалган же курулган жыл, анын мекемеге келип түшкөн күнү,эксплуатацияга берилген убактысы, объекттин алгачкы наркы (жаңы бааланганда үчүн-калыбына келтирүү), бухгалтердик эсепке алуунун маалыматтары боюнча эсептелген амортизациянын суммасы жүргүзүлгөн капиталдык оңдоолордун саны.Негизги каражаттырдын объектинин жарактан чыгуу себептери, анын негизги бөлүктөрүнүн, деталдарынын, түйүндөрүнүн, конструктивдик элемнттеринин абалы да толугу менен чагылдырылат.

2.10. Автоунаа каражаттарын эсептен чыгарууда, мындан тышкары автомобилдин жүргөн аралыгы көрсөтүлөт жана автомобилдин агрегаттарынын жана деталдарынын техникалык мүнөздөмөсү берилет жана ажыратуудан алынган негизги деталдардын жана түйүндөрдүн андан ары пайдалануу мүмкүнчүлүгү көрсөтүлөт.

2.11.Авариянын кесепетинен жарабай калган негизги каражаттарды эсептен чыгарууда эсептен чыгаруу актысына авариянын болгондугу жөнүндө актынын көчүрмөсү тиркелет, ошондой эле кыйроого алып келген себептери баяндалат жана күнөөлүү жактарга карата чаралар көрсөтүлөт.

2.112Көчүрүүчү, компьютердик техниканы, байланыш каражаттарын ишканалардын теңдеминен эсептен чыгарууда милдеттүү тартипте техникалык экспертизанын, ажыратуудан пайда болгон негизги деталдарды жана түйүндөрдү андан ары пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн актыларынын көчүрмөлөрү тиркелет.

2.11.Негизги каражаттарды эсептен чыгарууда комиссиянын чечими боюнча керектүү документтердин тизмегине милдетүү тартипте фото-видео материалдар (электрондук же жазма вариантта) тиркелет.

2.13.Уурдап кетүүнүн, өрттүн, жаратылыш кырсыктарынан, каршы тура алгыс күчтүн кыймылдарынан улам жоголгон негизги каражаттарды эсептен чыгарууда уюм кошумча төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:

-мүлктү жоготуп алуу фактын ырастоочу документ (кылмыш ишин козгоо жөнүндө токтом, өрт же башка факты жөнүндө өрт инспекциясынан маалым каты);

2.14.Муниципалдык мүлктүн негизги каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча комиссия маалыматтардын тууралыгын текшерет, зарыл болгондо эксперттерди тартат, эсептен чыгаруу мүмкүнчүлүгү же мүмкүнчүлүк жок экендиги жөнүндо чечим кабыл алат.

2.15.Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алынса, негизги каражаттарды эсептен чыгаруу комиссия төмөнкүлөрдү камтыган протоколду түзөт: